# ЭЛ АКЫНДАРЫНЫН ЖИГИТТЕР ТУУРАЛУУ ТААЛИМ-ТАРБИЯЛЫК КӨЗ КАРАШТАРЫ

**ЖАНЫГУЛОВ К.И.**
biblionsu@rambler.ru

Илимий психологияда баланын күчү толуп, эрки калыптанып, ички жан дүйнөсүнүн кубаты жетилип, өзүн-өзү башкарууга, өз алдынча болууга жетишүүсү «эр жеткен» убак деп аталат.

Психолог А.Н.Леонтьев бул жөнүндө ички жан дүйнөсү гана эмес дене күчү, билек күчү жетилип турган мезгил экенин өз эмгегинде көрсөткөн. Мунун тамырын ары карай тарта турган болсок ден соолук жана эрк күчү менен байланышып турат. Илимий педагогикада айтылган эрк күчү өз алдынча бир маселени чечүү мүмкүндүгүн билгизет. Эрктүү адам турмушта жолуга турган тоскоолдуктар менен кыйынчылыктардан коркпогон эр жүрөк, баатыр деген түшүнүк эрк күчүнүн синоними десек да болот.

Баатырдык – психологияда тайманбастык, өз убагында туура чечим кабыл алып аткаруу деп белгиленет. Белгилүү педагогдор А.С.Макаренконун, В.А.Сухомлинскийдин «эрдик – бул акыл жетпеген нерселерди кыйын да болсо аткаруу же колунан келген нерселерди да адилет иштөө» деп аташы менен акын-демократ Токтогул Сатылгановдун «эрдик, баатырдык эмей эмине» деп айткан сөздөрүнүн мааниси үндөш экендигин байкоого болот.

Ал эми чечкиндүүлүк – бир беткейлик эмес, кыйынчылыкты жеңген аракетчил, өжөр дегенди билдирет. Чыдамкайлык – жаны кыйналганына карабай, кыйынчылыкка чыдап, колуна алган ишти бүткөрүү, тактап айтканда – мойнуна оор жүк алып, кыйынчылыкка туруп берүү. Эрк күчүнүн дагы бир мүнөздөмөсү – өзүн-өзү башкара билүү болуп эсептелет. Өтө кубангандан же кайгыргандан акыл-эсин жоготуп, кайгыга жеңдирип же асмандап, алабарман делдектеп (көөп) кетпей, сабырдуу болуу да болот.

А.В.Дубрович, Л.М.Фридман өзүн-өзү башкара билүү, чоң жетишкендиктерде өтө кубангандан акылынан адашып көөп кетпөө же тескеринче кыйындыкта кол куушуруп, шалдырап отуруп калбоо бул эрктүү адамга тиешелүү касиет экенин эскертсе, улуу эл акындарынын ой толгоолору да ушуга дал келет.

Барпы Алыкуловдун «Эр жигитке сын», «Болор жигит», «Болбос жигит» жана «Жигиттик» деген ырларында эр жеткен жигиттерге жан-жактуу мүнөздөмө берип, алардын жакшы, жаман жактарын сыпаттап, көз алдыга келтирүү менен алардын тарбиясына, жан дүйнөсүнө, акыл-оюнун деңгээлине коюла турган талаптарды да көрсөткөн. Атап айтсак, «Эр жигитке сын» деген ырында:

Эр жигиттин жакшысы,
Кеңешин элге билгизет…
Жигиттердин жаманы,
Акылдашын күйгүзөт.

Ал эми «Болор жигит» деген ырында:

Киши болор жигиттин,
Киши менен иши бар…, - десе,

«Болбос жигит» деген ырында:

Киши болбос жигиттин,
Киши менен иши жок…, - деп, жигиттерге сын берип, ушул буркан-шаркан түшкөн мезгилде эл үчүн кызмат кылбай, кара башынын камын ойлоп, «өз очогуна күл тарткан» өзүмчүл, баюу үчүн ар кандай оор иштерге барган, өз бир тууганына да карабаган, өз ата-энесине да кайрымы жок, тарбиясы начар, жаман жолго түшкөн балдарды сөз ыргагы менен жеткиликтүү түшүндүрмө берген.

Көпчүлүк эл каалаcа,
Болуш болсоң – жигиттик, - деп, жигиттердин психикасындагы өзгөчөлүктөрдү акын азыркы шартка ылайыктап, эл каалаcа, жигит ар тараптан туура калыптанып жетилсе «болуш» кылып (азыркыча бийлик ээси деген мааниде) шайлап аларын мүнөздөйт.

Заманачы акын Калыгул Бай уулу:

Желип өмүр өткөн соң,
Жигит болбойт чал кайтып, - деп ушул жаш курак кездин асыл касиеттери, «качкан куш» сыяктуу колуңа кайра келбей турганын эскертип, жаш жигит кайратсыз, ар нерсеге урунчаак, кээде аңкоо да болуп, кыйынчылыктан корккон, колунан эч нерсе келбеген киши да болуп калышы мүмкүн деп белгилеген.

Арстанбек Буйлаш уулу «Терме» деген ырында адамдын эң эле баалуу, кызык, эр жүрөк кези жаштык деп мүнөздөмө бергенин көрөбүз:

Жаз күнүндөй жаркырап,
Күз күнүндөй күркүрөп,
Жалтанбай топто сүйлөсө,
Бул жаштыктын белгиси, – деп ой жеткис таалим-тарбиялуу акыл-ойлорун «жаман-жакшы» деген сөздөр менен жаштардын, жалпы эле бой жеткен жигиттердин сапатын баяндаганы азыркы мезгилге туура келип отурат.

Эл акыны Жеңижок ар түрлүү жигиттердин кулк-мүнөзүнө, иш-аракетине, жүрүм-турумуна мүнөздөмө берип:

Иниң жакшы болгон соң,
Кымбат баа жакут таш…
Агаң жакшы болгон соң,
Аппак тиккен өргөдөй, – деп, акындын пикири боюнча ар кандай мүнөздөгү жигиттердин сын-сыпаты да жашына, тарбиясына, акыл-эсине жараша болорун айтса, атактуу Токтогул акын «Насыят» деген ырында эр жигиттердин белгисин төмөнкүчө сүрөттөйт:

Эр жигиттин белгиси -
Эпчил болот термелеп,
Күчүң барда иштеп көн
Күлүп, жайнап эр жигит, - деп жигиттердин чыгармачыл, тапкыч, иштерман экенин айтканы азыркы эгемендүү доорго туура келип отурат. Акын экинчи жигитке берген сын-сыпаты:

Эр жигиттин белгиси -
Кайраттуу болот жалындап, – дегени күчтүү, тыкан, алгыр куштай шамдагай, алмаз кылычтай өткүр мүнөзү болгондуктан, өзүн-өзү кармай билип:

Ачуулуу болуп эр жигит…
Көпкөндүккө жеңдирип,
Көрүнгөнгө мактанба, – дегени акындын сөзү алдын-артын ойлоп сүйлөп, ар кадамын абайлап жүрбөсө, кызуу кандуулукка алынып, жаман жолго түшүп кетиши мүмкүн, ошондуктан акыл, кеңеш бере турган «карынын сөзүн капка сал» - дегендей нуска сөз айтылган.

Көпкөн жигит көп сүйлөп, көөдөнүн көтөрүп, мактанчаак, мындай жигит «душман чыкса алдынан, үйгө кирип жашынат» кыйынчылыктан коркуп, тарткынчыктайт. Коркок, чыдамсыз, эч нерсеге эби жок, сөзү менен иши туура келбеген адам.

Үчүнчү жигит жөнүндө акын билими көп жерге жеткени менен өзүнүн жакшы жагын билген, жаман жагын да ойлогон, «оң менен солду» ылгаган адам, иштеген ишин жан адамга билгизбей, жашыруун, тымызын, көмүскөдө кармайт. Мындай жигиттин билими бекерге кетип, бирөөнү үйрөтө албай өмүрү өтүп кетет. Кыргыздар мындай адамды «митаам, арамза», «куу» деп коюшат.

Токтогул акындын жигит жөнүндө айткан ойлорун Барпы акындын акыл-насаат ырларынан да кезиктиребиз. Мисалы, «Эр жигитке сын» деген ырында:

Эр жигиттин жакшысы,
Сөзүндө болбойт жалганы.
Оймок ооз, кумар сөз,
Өзүнө теңтуш алганы, – деп, калп айтпаган, ичинде арамы жок ачык, элге жардамы тийген жигитти айтса, ал эми

Жигиттердин жаманы,
Айылдашын күйгүзөт.

Күндө чатак көп кылып

Жаш башын мурда карытат, - деп, чатакка жакын, урушчаак, мактап койсо оокатынын баарын чачкан, дардаңдаган, ичи бош, акылы жок адамды мүнөздөгөн.

Андан кийин дагы бир жигитти мүнөздөп:

Эр жигиттин жакшысы…
Кишиге кылбайт кыянат.
Өзүнөн улуу кишиден
Адеп сактап уялат,

– деген адилет, эли үчүн эмгек кылган, айткан сөзү орундуу, калкына пейили кең, кадырлуу азамат экенин белгилеп, ага карама-каршы:

Эр жигиттин жаманы,
Ашыгып келип алп сүйлөйт.
Адамдарга калп сүйлөйт, – деген сөздөр менен таасын мүнөздөйт.

Барпы Алыкулов «Жигиттик» деген ырында да эр жеткен жигиттерге көптөгөн сын-сыпат берип, тарбиялуу, элдин керегине жараган, көпчүлүктүн сөзүн угуп, туура чечим кабыл алып, эл тагдырын чечкен азамат жөнүндө көптөгөн ойлорун төмөнкүчө билдирет:

Өз элин турмак жат элди
Билип турсаң-жигиттик…
Ысык менен суукка
Чыдап жүргөн – жигиттик…
Ариетти ар жерде
Алып жүргөн – жигиттик…
Бакты, дөөлөт бар болсо
Байкап жүргөн – жигиттик,
Арада чатак сөз болсо,
Жайкап жүргөн – жигиттик.

Бул өңдүү акыл-насаат сөздөр азыркы учурга карата айтылгандай сезилет.

Кыргыз элинде «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» деген макалга ылайык «Сегиз кырдуу, бир сырдуу», сөзү ачык, көңүлү жарык, өз сөзүнө турган, кандай жыйында болсо да туура сүйлөй алган «сөз тапкыч», иштеген ишине айткан сөзү шайкеш келген, жаман иштерден оолак «бир сырдуу» азаматтар жөнүндө кеңири айтылат. Бул акыл-насаат сөздөрдү окуган, кабылдаган ар бир атуул азыркы күндүн табылгыс каарманы.

Билимдүү, акылдуу, ар нерседен кабардар, колундагы адамдардын сырын билген, суроосун тез аткара алган, ой-санаасы кең жигитти, акыл-эсине карата мүнөзү, жүрүш-турушу, сын-сыпаты келишкен эр жигитти акын тегиз жан-жактуу мүнөздөйт.

Ошентип кыргыз эл акындары жигиттерге берген мүнөздөмөдөн ар түрдүү сын-сыпаттагы, атап айтсак – акылдуу, чынчыл, эмгекчил, адилет, мактанчаак, көйрөң, калпычы деген аттар менен айтылган ар түрдүү жигиттердин педагогикалык жактан мүнөздөгөнүн көрдүк.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Арстанбек : Ырлар (түз. Кебекова.Б) Б., 1994.
2. Барпы: Чыгармалар. 2 т. Турат (түз. Апилов. Б) Б., 1995.
3. Жеңижок: Б., 2006,
4. Залкар акындар. 2 – т. Б., 1999
5. Дубрович А.Б. Воспитателю о психологии псих. общ. М., 1987.
6. Макаренко А.С: Книга для родителей. М., 1986.
7. Леонтьев А.Н: Деятельность. Сознание. Личность. М., 1977
8. Сухомлинский В.С: О воспитании М., 1979
9. Токтогул: 3 томдук. Ф., Адабият, 1989.
10. Фридман Л.М: Психологическая наука учителю. М., 1985.